- “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ жумушчуларына күндүн ар кандай убактысында канализациялык курулмаларды текшерүүгө мүмкүндүк түзүү;

- 4-класстагы өндүрүштүк калдыктарды шаардык таштандылар жаткан жерге таштоо,курулмалардагы өзалдын ала тазаланган 1,2,3, класстагы коркунучу бар калдыктарды убактылуу өздөрүнүн аймагында чогултуу.

3.2. Ишкана өндүрүштүк агым сууларга анализ жүргүзүщ керек жана маалыматты “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ бериш керек. Иштердин аткарылыш ирети “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ макулдашышы керек.

3.3. “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ:

- Ишканадан керектөөлүчү суунун көлөмү,өз суукамсыздоо булактарынын иштеши, ишкананын иш тартиби,локалдуу тазалоо курулмалардын иштеши жөнүндө маалыматты сурайт;

- ПДКсы бийик өндүрүштүк агым сууларды борбордук канализацияга түшүргөн өнөр жай ишканалардан,уюмардан жана башка юридикалык жактардан 5 эсе өлчөмдө төлөи алуу, жапырт түшүрүүлө табылса 10 эсе өлчөмүндө (жапырт түшүрүүлөр деп концентрациядан ашкан зыяндуу заттар эсептелет). Бузуучулардан түшкөн каражаттар “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ өндүрүш фондуна жөнөтүлсүн канализациялык тармактарга жана тазалоо курулмаларга капиталдык оңдоо иштерин жүргүзүү үчүн;

- өнөр жай ишканалар,уюмдар жана юридикалык жактар Кеңеш, Буденовка, Д.Курманалиев а. канализациясына өндүрүш агым суулардын кабыл алуу эрежелери бузулса материалдарды Ысык-Ата районунун прокуратурасына берилсин күнөлүүлөрдү жоопкерчиликке тартуу жана зыянды төлөп берүү үчүн.

**“Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” ММуниципалдык мекемесинин директору**

**Кочкорбаев а. борбордук канализациясына өндүрүштүк агым суулардын кабыл алуу Эрежелерине Тиркеме**

**Борбордук канализацияга кабыл алынган өндүрүш агым сууларга көрсөтүлгөн жалпы талаптар**